**«UCH Credit» МКК жоопкерчилиги чектелген коому**

**«UCH Credit» МКК ЖЧКнын 2021-жылдагы финансылык отчеттуулугу жөнүндө «Tax Law Audit» (Такс Лау Аудит) консалтинг борбору ЖЧКнын аудитордук корутундусу**

**14.01.2022-жылдагы чык. № А-157** **«UCH Credit» МКК ЖЧКнын жетекчилигине**

***«UCH Credit» МКК ЖЧКнын финансылык отчеттуулугу боюнча отчет***

Биз, «Tax Law Audit» (Такс Лау Аудит) консалтинг борбору ЖЧК (КР Өкмөтүнө караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматынын А сериясындагы № 0041 лицензиясы), тиркелген «UCH Credit» МКК ЖЧКнын (мындан ары текст боюнча – Компания) финансылык отчеттуулугуна аудит жүргүздүк, ал 2021-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча балансты жана көрсөтүлгөн датадагы кирешелер жана чыгашалар жөнүндө тиешелүү отчетторду, ошондой эле эсептик саясаттын негизги жоболорунун кыскача серебин кошо алганда, бул финансылык отчеттуулукка эскертүүлөрдү камтыйт.

Биз жүргүзүлгөн изилдөөдө финансылык отчеттуулукту түзүүгө өзгөчө таасир эте турган кандайдыр бир олуттуу окуя жоктугун аныктадык.

**Аудитордун пикири**
Биздин пикирибизде, тиркелген «UCH Credit» МКК ЖЧКнын финансылык отчеттуулугу Эл аралык финансылык отчеттуулуктун стандарттарына (ЭФОС) ылайык, 2021-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча бардык олуттуу аспекттерде Компаниянын финансылык абалын, ошондой эле анын финансылык жыйынтыктарын, көрсөтүлгөн датада аяктаган мезгилдеги акча каражаттарынын кыймылын ишенимдүү чагылдырат.

**«Маанилүү жагдайлар» бөлүмү**
Биз *ЭФОС (IFRS) 9 «Финансылык куралдар»* бөлүмүнө көңүл бурабыз, ал 2018-жылдын 1-январынан тартып жылдык отчеттуулук мезгилине карата колдонулат. Компания МСБ үчүн Эл аралык финансылык отчеттуулуктун стандарттарынколдонот.

**Пикир билдирүү үчүн негиз**
Биз эл аралык аудит стандарттарына ылайык аудит жүргүздүк. Бул стандарттарга ылайык биздин милдетибиз ушул отчеттун «Аудитордун жоопкерчилиги» бөлүмүндө берилген. Биз Бухгалтерлер үчүн Эл аралык этика стандарттары боюнча кеңештин Кесипкөй бухгалтерлердин этика кодексине (БЭЭСК Кодекси) ылайык Компанияга карата көз карандысызбыз жана БЭЭСК Кодексине ылайык башка этикалык милдеттерди аткардык.

**Аудиттин негизги маселелери**
Аудиттин негизги маселелери – бул биздин кесипкөй пикирибизге ылайык, учурдагы финансылык отчеттуулуктун аудити үчүн маанилүү болуп саналган маселелер. Бул маселелер жалпысынан финансылык отчетуулуктун аудитинин контекстинде жана бул отчетуулук тууралуу пикирибизди калыптандырууда каралды, бул маселелер боюнча өзүнчө пикир билдирбейбиз. Биз төмөндө көрсөтүлгөн маселелерди аудиттин маанилүү маселелери катары аныктадык.

*Кредиттик портфелди баалоо*
Биз карыз алуучулардын кредиттик досьесин изилдөө жана кредиттик портфелди талдоо аркылуу КРУБ жана ички нормативдик документтердин талаптарын сактоо жаатында кредиттик портфелге баалоо жүргүздүк. Мындан тышкары, кредиттик портфелди баалоо маселелери боюнча ченемдик документтерди ырааттуу колдонууга карата ички контролдоо системасын тестирлөөдөн өткөрдүк.

**Башка маалыматтар:**
Биз Компаниянын жетекчилигине даректелген 2021-жылга аудитордук текшерүүнү аяктоо жөнүндө катта берилген маалыматка көңүл бурабыз.

***Финансылык отчеттуулук үчүн жетекчиликтин жоопкерчилиги***
Финансылык отчеттуулукту даярдоо жана аныктыгы үчүн жоопкерчиликти Компаниянын жетекчилиги тартат. Бул жоопкерчилик алдамчылык же ката себеп болгон олуттуу бурмалоолорду камтыбаган, финансылык отчеттуулукту даярдоого жана ишенимдүү берүүгө карата ички контролдоо системасын иштеп чыгууну, киргизүүнү жана камсыздоону; тиешелүү эсептик саясатты тандоону жана колдонууну; түзүлгөн жагдайларда негиздүү божомолдорду колдонууну камтыйт.

***Аудитордун жоопкерчилиги***

Биздин милдет жүргүзгөн аудиттин негизинде бул финансылык отчеттуулуктун аныктыгы жөнүндө пикир билдирүүдө турат.

Биз аудитти берилген финансы документтеринин негизинде Эл аралык аудит стандарттарына ылайык жүргүзөбүз. Бул стандарттар аудитордон этикалык ченемдерди милдеттүү сактоону, ошондой эле финансылык отчеттуулук олуттуу бурмалоолорду камтыбай турганына жетиштүү ишенимдүүлүктү алуу максатында аудитти пландаштырууну жана өткөрүүнү талап кылат.

Аудит сандык көрсөткүчтөргө карата аудитордук далилдерди жана финансылык отчеттуулукка карата эскертүүлөрдуалуу үчүн керектүү жол-жоболорду жүргүзүүнү камтыйт. Тиешелүү жол-жоболорду тандоо аудитордун кесипкөй пикирине, анын ичинде финансылык кыянаттык менен пайдалануулардын же каталардын кесепетинде финансылык отчеттуулукту олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин баалоого негизделет. Мындай тобокелдиктерди баалоо ички контролдоо системасынын натыйжалуулугу тууралуу пикир билдирүү максатында эмес, мындай жагдайларда колдонулган аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгуу максатында финансылык отчеттуулукту даярдоого жана аныктыгына ички контроль жүргүзүү системасын кароону камтыйт.

Аудит колдонулган эсептик саясаттын мыйзам ченемдүүлүгүн жана жетекчилик жасаган божомолдордун негиздүүлүгүн баалоону, ошондой эле жалпысынан берилген финансылык отчеттуулукту баалоону камтыйт. Биз алган аудитордук далилдер бул финансылык отчеттуулук жөнүндө пикир билдирүү үчүн жетиштүү негиз болуп саналат деп эсептейбиз.

**«Tax Law Audit» (Такс Лау Аудит) консалтинг борбору**

*А сериясындагы № 0041 лицензиясы, Каттоо номери: 2010-жылдын 2-июлундагы 069, 25.05.2010-жылдагы Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин УР сериясындагы № 0066519 каттоо күбөлүгү,*
*28.10.2019-жылдагы Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Чүй-Бишкек юстиция башкармалыгынын ГИЮ сериясындагы № 0039227 кайра каттоо жөнүндө күбөлүгү*
*Бишкек ш., Токтогул көч., 191-үй, 38-к., тел./факс (550) 787845*

**Ибраев А.Т., директор, аудитор**
***Аудитордун квалификациялык сертификаты А сериясындагы №0079, 2009-жылдын 19-октябрындагы 00174 каттоо номери***

**«UCH Credit» МКК жоопкерчилиги чектелген коому**

**2021-жылдын 31-декабрына карата (кошо алганда) «UCHCREDIT» МКК ЖЧК ФИНАНСЫЛЫК АБАЛЫ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ**

*(миң сом)*

| | Эскер. | 2021-жылдын 31-декабры | 2020-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|---|
| **АКТИВДЕР:** | | | |
| Акчалай каражаттар жана алардын эквиваленттери | 4 | 14 400 | 68 172 |
| Кардарларга берилген кредиттер | 5 | 379 598 | 316 295 |
| Негизги каражаттар жана материалдык эмес активдер | 7 | 1 198 | 1 821 |
| Компаниянын ээлигине өтүп кеткен ссуда алуучунун кыймылсыз мүлкү | | 6337 | 9 155 |
| Башка активдер | 9 | 563 | 839 |
| **АКТИВДЕР БАРДЫГЫ** | | **402 095** | **396 282** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР ЖАНА КАПИТАЛ:** | | | |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР:** | | | |
| Алынган кредиттер жана займдар | 11 | 185 231 | 218 641 |
| Башка милдеттенмелер | | 661 | 573 |
| Төлөнүүчү салыктар | | 1 841 | 404 |
| Кийинкиге жылдырылган салык милдеттенмелери | | 81 | 66 |
| **Милдеттенмелер бардыгы** | | **187 815** | **219 684** |
| **КАПИТАЛ:** | | | |
| Акционердик капитал | 12 | 107 952 | 107 952 |
| Топтолгон пайда | | 106 329 | 68 646 |
| **Капитал бардыгы** | | **214 281** | **176 598** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР ЖАНА КАПИТАЛ БАРДЫГЫ** | | **402 095** | **396 282** |

Башкы директор Сейитов Р.У.

Башкы бухгалтер Бейшеева Б.Р.

**«UCH Credit» МКК жоопкерчилиги чектелген коому**

**2021-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНА КАРАТА «UCHCREDIT» МКК ЖЧК ЖЫЙЫНДЫ КИРЕШЕСИ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ**

*(миң сом)*

| | | 2021-жылдын 31-декабры | 2020-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|---|
| Пайыздык кирешелер | 14 | 90 340 | 76 727 |
| Пайыздык чыгымдар | 14 | -8 259 | - 8 211 |
| **Нарксыздануу алдында резерв түзүүгө чейинки таза пайыздык киреше** | | **82 080** | **68 516** |
| Пайыздык активдер боюнча нарксыздануу чыгашасы | 15 | - | - |
| **Таза пайыздык киреше** | | **82 080** | **68 516** |
| Чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча таза киреше (чыгаша) | 17 | -5 663 | -34 487 |
| Кызмат көрсөтүүлөр боюнча киреше жана алынган комиссия | 16 | 379 | 1 092 |
| Башка кирешелер/(чыгымдар), (нетто) | 19 | 261 | 443 |
| **Таза пайыздык эмес киреше** | | **-5 024** | **-32 952** |
| **Операциялык кирешелер** | | **77 057** | **35 565** |
| Операциялык чыгымдар | 20 | -35 071 | -30 878 |
| **Пайдага салыкка чейинки пайда** | | **41 985** | **4 686** |
| Пайдага салык боюнча чыгымдар | 21 | -4 303 | -454 |
| **Бир жылдагы пайда** | | **37 683** | **4233** |

Башкы директор — Сейитов Р.У.

Башкы бухгалтер — Бейшеева Б.Р.

**«UCH Credit» МКК жоопкерчилиги чектелген коому**

**2021-жылдын 31-декабрына карата «UCHCREDIT» МКК ЖЧК АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН КЫЙМЫЛЫ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ**

*(миң сом)*

| | Эскер. | 20212-жылдын 31-декабрында | 2020-жылдын 31-декабрында |
|---|---|---|---|
| **ОПЕРАЦИЯЛЫК ИШТЕН ТҮШКӨН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН КЫЙМЫЛЫ:** | | | |
| Алынган пайыздар | | 79 636 | 72 620 |
| Төлөнгөн пайыздар | | - 7 618 | -8 211 |
| Алынган комиссия | | 347 | 1 286 |
| Башка киреше | | 308 | 249 |
| Кызматкерлерге эмгек акы жана бонустар | | - 7 304 | - 5 777 |
| Операциялык чыгашалар | | -24 236 | -38 396 |
| **Операциялык активдер жана милдеттенмелер өзгөргөнгө чейин операциялык иштен түшкөн акча каражаттарынын кыймылы** | | **41 134** | **21 771** |
| *Операциялык активдердин жана милдеттенмелердин өзгөрүшү* | | | |
| Операциялык активдердин (көбөйүшү)/азайышы: | | | |
| Кардарларга кредиттер | | -57 019 | 27 266 |
| Башка активдер | | 3 757 | 3 654 |
| Операциялык милдеттенмелердин көбөйүшү/(азайышы) | | 49 | 135 |
| **Пайдага салыкты төлөөгө чейин операциялык иштен түшкөн акча каражаттарынын кыймылы** | | **-53 213** | **31 055** |
| Төлөнгөн пайдага салык | | - 2 706 | -1 483 |
| **Операциялык иштен түшкөн акча каражаттарынын таза өзгөрүүсү** | | **-14 785** | **51 343** |
| **ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ИШТЕН ТҮШКӨН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН КЫЙМЫЛЫ:** | | | |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди сатып алуу | | -49 | -360 |
| **Инвестициялык иштен түшкөн акча каражаттарынын таза өзгөрүшү** | | **-49** | **-360** |
| **ФИНАНСЫЛЫК ИШТЕН ТҮШКӨН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН КЫЙМЫЛЫ:** | | | |
| Алынган кредиттер жана займдар | | 0 | 0 |
| Ижара боюнча милдеттенмелерди төлөө | | 0 | 0 |
| Алынган кредиттер жана займдар боюнча төлөмдөр | | -39 004 | 0 |
| **Финансылык иштен түшкөн акча каражаттарынын таза өзгөрүшү** | | **-39 004** | **0** |
| Чет өлкө валюта курсунун өзгөрүшүнүн чет өлкө валютасындагы акча каражаттарынын калдыгына таасири | | 66 | 106 |
| **Акча каражаттарынын абалындагы таза өзгөрүү** | | **-53 772** | **51 089** |
| **АКЧА КАРАЖАТТАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН ЭКВИВАЛЕНТТЕРИ, жылдын башталышына карата** | 3 | **68 172** | **17 083** |
| **АКЧА КАРАЖАТТАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН ЭКВИВАЛЕНТТЕРИ, жылдын аягына карата** | 3 | **14 400** | **68 172** |

Башкы директор — Сейитов Р.У.

Башкы бухгалтер — Бейшеева Б.Р.

**«UCH Credit» МКК жоопкерчилиги чектелген коому**

**2021-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНА КАРАТА «UCHCREDIT» МКК ЖЧК ӨЗДҮК КАПИТАЛЫНДАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨР ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ**

*(миң сом)*

| | Уставдык капитал | Бөлүштүрүлбөгөн пайда | Бардык өздүк капитал |
|---|---|---|---|
| **2021-жылдын 1-январына карата калдык** | **107 952** | **68 646** | **176 598** |
| Акциялардын эмиссиясы | 0 | | 0 |
| Бир жылдагы пайда | 0 | 37 683 | **37 683** |
| **2021-жылдын 31-декабрындагы калдык** | **107 952** | **106 329** | **214 281** |

Башкы директор Сейитов Р.У.

Башкы бухгалтер Бейшеева Б.Р.